Бекитилди
Мектеп директору
"30" 08 2022
Г. З. Ысакова

# К. Тиленбаев атындагы №15 орто мектеби

## Ашпозчунун кызматтык милдеттери боюнча нускама

1.Ашпозчу мектептин коомдук тамактануу жайында өндүрүштүк-чарбалык иштерди жетектейт.

2. Өндүрүштүк зарыл болгон товарларга , полуфабрикаттарга жана сырьего билдирме берет, аларды кампадан өз убагында алынып чыгуусун, ассортименттин жарактуу мөөнөтүн, санын , сапатын жана алынып келүүсүн, таркатылуусун көзөмөлдөйт.

3.Окуучулардын , ата-энелердин талаптарын, сунуштарын эске алуу менен кулинардык даамдардын, тамактардын менюсун түзөт.

4.Тамак-аштын даярдоо технологиясын, керектелүүчү азыктардын нормасын, өлчөмүн, ашкана жумушчуларынын санитардык, өздүк гигиеналык эрежелерин сактоону көзөмөлдөйт.

5.Ашпозчунун жана жардамчысынын иш тартибин түзөт.

6.Даярдалган тамактардын бракеражын жүргүзөт.

7.Жабдуулардын жана башка негизги каражаттардын туура эксплуатациялануусун текшерет.

8.Эмгекти коргоо, өрт жана техникалык коопсуздук, өздүк гигине эрежелдерин, өндүрүштүк жана ички иш бөлүштүрүү тартибин сактоолоруна жоопту болот.

9.Тамак жасоо технологиясы жана башка өндүрүштүк суроолор боюнча инструктаж жүргүзөт.

10. Ашкана идиш-аяктарынын сакталышына жоопту болот.

10.Жетекчинин уруксаатысыз жумуш ордунда болбоосуна тыюу салынат.

Тааныштым: ______ / Асанчаева А

Кабыл алынды:

№ 1 пед. Кеңешме

“30” 08 2022

Бекитилди:

Мектеп директору

Г. З. Ысакова

К. Тиленбаев атындагы №15 орто мектебинин бракераждык комиссиясы жөнүндө жобо

1.1.Бул жобо К. Тиленбаев атындагы орто мектебинин бракераждык комиссиясынын ишин уюштуруу жана жөнго салуу боюнча.

1.2.Бракераждык комиссия тамак-аш даярдоонун сапатын,анын сакталышын жана билим берүү мекемесинде санитардык-гигиеналык талаптардын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн түзүлгөн.

1.3.Бракераждык комиссия өз ишинде Кыргыз Респубиликасынын мыйзамдык жана башка ченемдик укуктук актыларынын,билим берүү органдарынын буйруктарын жана билим берүү уюмунун Уставын жана жергиликтүү актыларын жетекчиликке алат.Мектепте бракераждык комиссиянын ишин уюштуруунун ченемдик негиздери:

-“Билим берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

-“Жалпы билим берүүчү уюмдарда билим берүүнүн шарттарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар”, “Санитардык эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдер”;

- “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык орто мектептеринде окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө”Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №673 токтому.

-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 27.07.2006-жылдагы №492/1 «Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде 1-4-класстардын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө»буйругу.

## II.Бракераждык комиссияны жана анын курамын түзүү тартиби.

2.1.Бракераждык комиссия мектеп директорунун буйругу менен түзүлөт.Комиссиянын курамы жана анын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен бекитилет.

2.2. Бракераждык комиссиянын курамына төрт адам кирет: